«Таппадым сендей»

Сөзү: Абрахманов Нурак

Обону: Абрахманов Нурак

Жан дүйнөмдү үмүткө термей, кыялга термей.

Сага,сага санаалар сансыз агылат селдей.

Карап, карап карегим талып издесем да,

Бүт дүйнөдө таппадым сендей, көрбөдүм сендей.

Карап, карап карегим талып издесем да,

Бүт дүйнөдө таппадым сендей, көрбөдүм сендей.

Өзүң үчүн нур чачкым келет асманда күндөй.

Өмүр бою өзүң деп ырдайм чарчоону билбей.

Карап, карап карегим талып издесем да,

Бүт дүйнөдө таппадым сендей, көрбөдүм сендей.

Карап, карап карегим талып издесем да,

Бүт дүйнөдө таппадым сендей, көрбөдүм сендей.

Айдың көлдү айланып учкан айдарым желдей.

Сендей жанга көз арткан көптөр эч тынчтык бербей.

Ишен жаным, абайла жаным ким болсо да.

Чын баркыңды биле албас мендей, сүйө албас мендей.

Ишен жаным, абайла жаным ким болсо да.

Чын баркыңды биле албас мендей, сүйө албас мендей